"Бекитемин"
Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы
____________Д.С.Раимкулов

**Миң-Булак айыл өкмөтүндө коррупциялык тобокелдиктердин келип чыгышына өбөлгө түзүүчү учурлардын жана кырдаалдардын алдын алуу иш чаралары**

| № | Миң-Булак айыл өкмөтүнүн функциясы (ыйгарым укугу) (*) | Коррупциянын пайда болуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Жооптуу кызматкер |
|---|---|---|---|
| 1 | Муниципалдык мүлктү (имараттарды, курулмаларды, мүлктүк комплекстерди ж.б.) менчикке же пайдаланууга берүү | 1. Жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык мүлктү белгиленген тартипти бузуу менен пайдаланууга берүү, анын ичинде ижара акысын негизсиз төмөндөтүү, ошондой эле аукцион (соода-сатык) өткөрбөстөн берүү | Башчынын орун басары |
| | | Ижарачылар тарабынан келишим шарттарынын бузулгандыгы жөнүндө фактыларды жашыруу жана аларга карата тиешелүү чараларды көрбөө | Башчынын орун басары |
| | | Муниципалдык менчикти менчиктештирүү тизмесине объектти белгилүү бир адамдардын кызыкчылыгы үчүн киргизүү, объекттердин социалдык жана/же стратегиялык маанисин жасалма түрдө төмөндөтүү, муниципалдык менчикти менчиктештирүүнүн шарттарын жана тартибин бузуу, ошондой эле объекттин рыноктук наркын негизсиз төмөндөтүү | Башчынын орун басары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Негизги каражаттарды эсепке алуу бөлүгүндө Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестринин маалыматтарын “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” автоматташтырылган маалыматтык системасына киргизбөө аркылуу бухгалтердик эсептин маалыматтарын атайылап бурмалоо | Заведующей ОСЭР |
| 2 | Жер фондун тескөө | 1. Айрым категориядагы жерлерди (жайыт жерлерин, токой фондунун жерлерин, суу фондунун жерлерин ж.б.) менчикке берүү, аларды тескөө боюнча ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирбеген учурларда.<br>2. Муниципалдык менчиктеги жер тилкесин мыйзамдарда белгиленген тартипти бузуу менен берүү, анын ичинде максаттуу багытын бузуу менен же максаттуу багытын негизсиз өзгөртүү аркылуу, аянтын көрсөтпөстөн, ижара акысын же жер тилкесинин наркын төмөндөтүү менен берүү. 3. Айыл чарба багытындагы жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин белгиленген тартипти бузуу менен ижарага берүү. 4. Ижарачылар тарабынан келишим шарттарынын бузулгандыгы жөнүндө фактыларды жашыруу жана аларга карата тиешелүү чараларды көрбөө | Жер маселелери боюнча башкы адиси |
| 3 | Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 1. Сатып алу катышуучуларынын арыздарын негизсиз четке кагуу.<br>2. Бир булактан сатып алуу ыкмасын негизсиз колдонуу. | Башчынын орун басары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3. Белгилүү бир жеткирүүчүгө багытталган сатып алуу документтерин (критерийлерди, талаптарды) түзүү (атаандаштыкты чектөө), анын ичинде техникалык талаптарды (мүнөздөмөлөрдү) белгилүү бир өндүрүүчүгө, товардык белгиге, моделге же брендге ылайыкташтыруу жолу менен түзүү.<br>4. Келишимдин/контракттын наркын негизсиз жогорулатуу, анын шарттарын негизсиз өзгөртүү, анын ичинде кошумча макулдашууларды түзүү, аткарылган жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча кошумча актыларды жетиштүү негизсиз түзүү.<br>5. Келишимдин шарттарына иш жүзүндө жооп бербеген товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу, анын ичинде баасы жогорулаган, аткарылган иштердин көлөмү ашырылган, ошондой эле иш жүзүндө аткарылбаган иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу.<br>6. Милдеттенмелердин аткарылышына тийиштүү кепилдиктерсиз аванс төлөп берүү.<br>7. Жабдуучунун келишимдик милдеттенмелерди бузган фактыларын жашыруу жана мыйзамдарда каралган чараларды күнөөлүү тарапка карата көрбөө, анын ичинде келишимде/контрактта көрсөтүлгөн туумдарды жана айып санкцияларын өндүрүп албоо.<br>8. Белгилүү же аффилирленген жактарга артыкчылык берүү | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | Малдын саны тууралуу маалымкат берүү | 1. Белгилүү бир сый акы үчүн маалымкаттарга малдын саны жөнүндө так эмес (бурмаланган) маалыматтарды көрсөтүү | Жооптуу катчы, Статист-экономист |
| 5 | Айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрине ылайык айыл өкмөтүнүн чечимдердин берүү | 1. Сый акы алуу максатында жолжобону ылдамдатуу үчүн жасалма тоскоолдуктарды түзүү, анын ичинде арыздарды кароонун мөөнөттөрүн атайылап создуктуруу, ошондой эле документтерди формалдуу негиздер менен кабыл алуудан баш тартуу | Баардык кызматкерлер |
| 6 | Ишкердик субъекттери менен өз ара аракеттенүү жана уруксаттарды берүү | 1. Айрым юридикалык (жеке) жактарга жергиликтүү салыктар жана жыйымдар боюнча негизсиз салык жеңилдиктерин же преференцияларды берүү.<br>2. Стихиялуу жана сезондук сооданы уюштурууга, унаа токтотуучу жайларды берүүгө, ошондой эле муниципалдык жерлерге жеңил конструкциядагы объекттерди (павильондор, күркөлөр) жайгаштырууга уруксат берүүдө коррупциялык көрүнүштөр.<br>3. Пайда көрүү максатында ишкердик субъекттерине уруксат берүү документтерин макулдашуу же берүү процесстерин атайылап создуктуруу | Киреше боюнча башкы адиси |
| 7 | Турак жай коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты көрктөндүрүү боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу | 1. Санитардык тазалоо, жашылдандыруу, таштандыларды чыгаруу жана жолдорду оңдоо боюнча иштердин көлөмүн бөлүштүрүүдө ачык конкурс өткөрбөстөн же сатып алууларды майдалап көрсөтүү жолу менен жеке подряддык уюмдар менен келишип алуу. | Башчынын орун басары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2. Турак жай-коммуналдык чарба тармагында (чатырды оңдоо, түтүктөрдү алмаштыруу, көчө жарыгын орнотуу) аткарылган иштер боюнча актыларды иш жүзүндө толук аткарылбаган же сапатсыз материалдар колдонулган учурда да жасалма түрдө кол коюу. | |
| 8 | Мамлекеттик жеке өнөктөштүк долбоорлорун издөө, демилгелөө жана ишке ашыруу | 1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн алдын ала эле пайдасыз шарттарда мамлекеттик-жеке өнөктөштүк келишимдерин же инвестициялык макулдашууларды түзүү | Заведующей ОСЭР |
| 9 | Альтернативдик кызматтын кызматкерлери тарабынан аткарылган коомдук пайдалуу иштердин сааттарын жана түрлөрүн эсепке алуу, ошондой эле иштелген сааттардын жана аткарылган иштердин саны тууралуу маалымкаттарды берүү | 1. Сый акы алуу максатында альтернативдик кызмат өтөп жаткан кызматкер коомдук пайдалуу иштерди иш жүзүндө аткарбаган учурда да маалымкат берүү, ошондой эле белгилүү бир акы үчүн аткарылган иштердин түрү жана сааттары тууралуу жалган маалыматтарды киргизүү | Аскер каттоо инспекторлору |
| 10 | Жарандардын арыздарын кароо жана материалдык жардамды дайындоо | 1. Материалдык жардамды негизсиз түрдө берүүдөн баш тартуу же мыйзамда каралбаган негиздер жок болсо да айрым адамдарга аны дайындоо | Социалдык маселелер боюнча башкы адиси |
| 11 | Турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу | 1. Процедураны ылдамдатуу үчүн сый акы алуу максатында жасалма тоскоолдуктарды түзүү, анын ичинде арыздарды кароонун мөөнөттөрүн атайылап создуктуруу, ошондой эле мыйзамда каралбаган документтерди талап кылуу | Социалдык маселелер боюнча башкы адиси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | Жер тилкелерин алуу үчүн кезек тизмесин түзүү | 1. Негизсиз түрдө эсепке алуудан баш тартуу же каралган негиздер жок болсо да жарандарды эсепке коюу | Жер маселелери боюнча башкы адиси |
| 13 | Ишке кабыл алуу жана кызматка дайындоо | 1. Кызмат адамынын өзүнүн тууганадарын, жакындарын же башка аффилирленген адамдарды дайындоо процедураларына катышуусу, алдын ала белгиленген талапкердин пайдасына конкурс өткөрүүнү формалдуу жүргүзүү, ошондой эле конкреттүү талапкерге ылайык квалификациялык талаптарды өзгөртүү | Башчы,<br>Жооптуу катчы |
| 14 | Муниципалдык кызматтын стажын эсептөө, кызматтык маяналарга үстөк акыларды белгилөө | 1. Мыйзамдарга ылайык муниципалдык кызматтын стажына кошулууга жатпаган эмгек ишмердүүлүгүнүн мезгилдерин муниципалдык кызматтын стажына негизсиз киргизүү, эмгек стажы үчүн кызматтык маянага пайыздык үстөк акыны көбөйтүү максатында.<br>2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кызмат көрсөтүү менен алектенген кызматкерлердин кызматтык маяналарына ашыкча өлчөмдө үстөк акыларды белгилөө | Жооптуу катчы |
| 15 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайттарына алардын иши, коррупциянын алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалыматты мезгил-мезгили менен жарыялоо, жарандардын | 1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтынын жоктугу.<br>2. Расмий сайтта органдын иши тууралуу, анын ичинде коррупциянын алдын алуу чөйрөсүндөгү иштер боюнча актуалдуу маалыматтын жоктугу | Жооптуу катчы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | маалыматка эркин жетүүсүн камсыз кылуучу программалыкмаалыматтык камсыздоонун санариптик технологиялары н киргизүү, ошондой эле мобилдик тиркемелерди өнүктүрүү | | |
| 16 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын иши жөнүндө маалыматка жетүүнү камсыз кылуу | 1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын иши жөнүндө маалыматка негизсиз чектөө киргизүү же ага жетүүгө тоскоолдук кылуу<br>2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ээлеген жайларда, ошондой эле жарандарды маалыматтандыруу үчүн арналган башка жерлерде муниципалдык кызматтар, аларды көрсөтүү тартиби жана шарттары жөнүндө маалыматтын жоктугу | Иш кагаздарын алып баруу адиси |
| 17 | Кызыкчылыктар дын кагылышын аныктоо жана жөнгө салуу | 1. Тиешелүү кызмат адамдары тарабынан кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу боюнча тиешелүү чараларды көрбөө.<br>2. Муниципалдык ресурстарды бөлүштүрүүдө, ар кандай комиссияларды түзүүдө жана кадрдык чечимдерди кабыл алууда аффилирленген жактардын кызыкчылыктарын көздөө.<br>3. Кызматтык милдеттерди аткаруу менен байланыштуу белгилүү болгон кызматтык маалыматты жеке максаттарда же үчүнчү жактардын кызыкчылыгында пайдалануу | Башчынын орун басары, СӨБ башчысы |
| 18 | Жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу, | 1. Аймактын социалдыкэкономикалык өнүгүүсүнүн реалдуу божомолун эске албастан долбоор түзүү. | СӨБ башчысы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бюджетти аткаруу, ошондой эле бюджеттен тышкаркы фонддор, финансылык ресурстарды тескөө | 2. Кызматкерлерге эмгек акыны эсептөөдө бузуу, негизсиз үстөк акыларды жана сый акыларды төлөө, ошондой эле подряддык иштердин көлөмүн ашыкча көрсөтүү.<br>3. Кийин жеке максаттарда пайдалануу үчүн аффилирленген жактын эсебине акча каражаттарын которуу.<br>4. Материалдык жоопкерчилиги бар адамдар менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүүдөн качуу | |
| 19 | Атайын техниканы тескөө жана күйүүчү майлоочу материалдарды пайдалануу | 1. Кызматтык техниканы жана күйүүчү-майлоочу материалдарды жеке максаттарда пайдалануу, жол баракчаларын бурмалоо, ошондой эле материалдык жоопкерчилиги бар жактардын ортосунда келишимдик (сговор) аракеттер | СӨБ башчысы |
| 20 | Укук бузуулар боюнча иштерди кароо жана жаза чараларын колдонуу. | 1. Укук бузуулар боюнча иштерди кароого ыйгарым укуктуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкерлери тарабынан аныкталган укук бузуу фактыларын сый акы алуу максатында жашыруу | Башчынын орун басары |
| 21 | Жарандардын кайрылууларын кароо | 1. Аныкталган мыйзам бузууларды жашыруу жана тиешелүү реакция чараларын көрбөө | Иш кагаздарын алып баруу адиси |

**Миң-Булак айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы** **А.Т.Капаева**